# Депозиттер

*(2015-жылдын 9 айы үчүн)*

2015-жылдын январь-сентябрь айларында банктык депозиттер рыногунда 2014-жылдын ушул эле мезгилине салыштырмалуу коммерциялык банктардын депозиттик базасынын өсүү ылдамдыгы байкалган, бул негизинен рыноктун негизги катышуучулары болгон юридикалык жактардын валюта эсептериндеги каражаттарынын байкалаарлык өсүшү менен шартталган.

**1-график. Иштеп жаткан коммерциялык банктардын депозиттеринин динамикасы (бир мезгилдин акырына)**




**2-график. Аманатчылар боюнча депозиттер түзүмү**




Тогуз айы үчүн улуттук жана чет өлкө валюталарында кабыл алынган депозиттер боюнча пайыздык чендердин көрсөткүчтөрү олуттуу өзгөрүүгө дуушар болгон эмес, бул өткөн жылдын салыштырып жаткан мезгилиндеги маанилердин деңгээлинде сакталган. Депозиттик базанын өзгөрүүсү боюнча жогорку тенденция ишкананын эсебиндеги акча каражаттардын калдыктарынын көбөйүүсү, ошондой эле талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин жана калктын мөөнөттүү аманаттарынын өсүшү менен келип чыккан. Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата коммерциялык банктардын депозиттик базасынын көлөмү жыл башынан бери 13,1 пайызга көбөйүү менен 93,4 млрд сомду түзгөн. Мында, бул көбөйүү депозиттик базаны түзгөн валютанын 30,1 пайызга, 60,5 млрд сомго чейин өсүшү менен камсыз болгон. Сом түрүндө аманаттар тескерисинче 8,7 пайызга, 32,9 млрд сомго чейин төмөндөгөн.

2015-жылдын январь-сентябрь айларынын жыйынтыгы боюнча курстук өзгөрүүлөрдү эске алуу менен депозиттик базаны долларлаштыруу 9,2 пайыздык пунктка, 61,1 пайызга чейин көбөйгөн, бул валюталык депозиттердин көлөмүнүн өтө жогорку өсүш арымынан улам болгон.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде депозиттик базанын убакыт боюнча түзүмүндө банктардын кардарларынын талап боюнча төлөнүүчү депозиттеринде каражаттардын үлүшүнүн 21,9 пайыздан 23,6 пайызга чейин көбөйүшү байкалган. Эсептешүү эсептериндеги үлүштөр 33,2 пайыздан 31,3 пайызга чейин төмөндөгөн. Кредит портфели боюнча мөөнөттүү аманаттардын үлүшү 44,9 пайыздан 45,1 пайызга чейин бир аз көбөйгөн.

Рыноктун концентрациялануу индекси 0,11 деңгээлинде сакталган, бул концентрациялануунун орточо деңгээлине дал келип, рынокто бирдей үлүшкө ээ тогуз катышуучу катышкандыгына барабар.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде коммерциялык банктарга депозиттердин агылып кирүүсүнүн көбөйүшү байкалган. 2015-жылдын январь-сентябрь айларында жаңыдан кабыл алынган депозиттердин көлөмү[1] өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 3,7 пайызга көбөйүү менен 280,2 млрд сомду түзгөн. Улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган аманаттардын көлөмү 132,4 млрд сомду (+3,7 пайызды), чет өлкө валютасында - сомдук эквивалентте 147,8 млрд түзгөн (+3,8 пайыз).

**3-график. Мөөнөттүүлүк категориялары боюнча улуттук валютадагы депозиттердин пайыздык чендеринин орточо деңгээли**




**4-график. Мөөнөттүүлүк категориялары боюнча чет өлкө валютасындагы жаңы депозиттердин пайыздык чендеринин орточо деңгээли**




Жаңыдан кабыл алынган аманаттардын көбөйүшү негизинен мөөнөттүү депозиттердин өсүшү менен камсыз болгон, алардын көлөмү мезгил ичинде 21,4 пайызга көбөйгөн. Мында, алардын кыска мөөнөттүү түзүмдө өсүшүнөн улам мөөнөттүү аманаттардын үлүшүнүн пропорционалдуу артышы менен (11,8 пайыздан 13,8 пайызга чейин) талап боюнча төлөнүүчү аманаттардын үлүшү 88,2 пайыздан 86,2 пайызга чейин төмөндөгөн.

Улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2014-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 0,03 пайыздык пунктка төмөндөө менен 2,35 пайызды түзгөн. Мында, улуттук валютада мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 12,51 пайызды (+2,20 пайыздык пунктк), ал эми талап боюнча төлөнүүчү депозиттер өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 0,14 пайыздык пунктка төмөндөө менен 1,21 пайызды түзгөн.

Чет өлкө валютасында жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча чен 1,14 пайызды (+0,35 п.п.) түзгөн. Мында, чет өлкө валютасында талап боюнча төлөнүүчү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 0,1 пайызга чейин (-0,04 п.п.) төмөндөгөн, ал эми мөөнөтүү депозиттер боюнча чен 6,13 пайызды түзүп, 0,45 пайыздык пунктка жогорулаган.

[1]Жаңыдан кабыл алынган депозиттер көлөмүндө банктардын кардарларынын эсептешүү эсеби эске алынбайт.